DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Токторбаев Ж.Б.*

# ЧЕК АРА – МАМЛЕКЕТТИН КЕЛЕЧЕГИ

*Токторбаев Ж.Б.*

# ГРАНИЦА – БУДУЩЕЕ ГОСУДАРСТВА

*Zh.B. Toktorbaev*

# BORDER ARE THE FUTURE OF THE STATE

*УДК: 343.340/116 (575.2)*

*Мамлекеттин чек арасындагы көйгөйлүү маселелердин эң башкысы бул – анклав. Бул учурдагы анклавдардын айланасында мамлекеттик чек аралардын жайгашкан жерин аныктоо жана чечүү жолдору тараптардын позицияларындагы карама-каршылыктарга байланыштуу. Тараптардын талаштуу маселелерди чечүүдөгү позицияларынын дал келбеши анклавдардын пайда болуу тарыхына байланыштуу. 1920-жылдардагы улуттук-аймактык демаркация мезгилинен башталып, анда жер мамилелерине байланыштуу маселелерин чечүү боюнча бийликтин чабал иш-аракеттери себеп болуп калган. Борбордук Азиядагы көпчүлүк чек ара чыр-чатактары анклавдардын айланасында болуп жатат. Учурда андай чыр чатактар чек ара тилкелеринде аскер кызматкерлери жана жөнөкөй жергиликтүү жарандардын дагы катышуусу менен коштолууда. Ошону менен бирге чоң жоготуулар, кыйроолор датталууда. Бул макалада Борбордук Азияда анклавдардын жайгашуусу талкууланат, аларды чечүү боюнча автордук сунуштар келтирилет.*

***Негизги сөздөр:*** *чек ара, мамлекеттер, анклавдар, Борбордук Азия, аймактардын көйгөйлөрү, мамлекеттик чек аралар, соңку окуялар.*

*Основная проблема на государственной границе – это анклав. Анклавы в Центральной Азии являются одним из факторов, осложняющих и препятствующих позитивному развитию отношений между сопредельными государствами. Расположение и разрешение государственных границ вокруг нынешних анклавов зависят от различий в позициях сторон. Расхождение позиций сторон в разрешении споров связано с историей анклавов. Начиная с периода национально-территориального размежевания в 20-е годы прошлого века, оно было вызвано слабыми усилиями властей по решению вопросов, связанных с земельными отношениями. Большинство пограничных конфликтов в Центральной Азии вращаются вокруг анклавов. В настоящее время такие конфликты сопровождаются вовлечением военнослужащих и гражданского населения на границе. В то же время есть большие потери и разрушения. В статье обсуждается расположение анклавов в Центральной Азии и даются авторские рекомендации по их решению.*

***Ключевые слова:*** *граница, государства, анклавы, Центральная Азия, проблемы регионов, государственные границы, последние события.*

*The main problem on the state border is the enclave. Enclaves in Central Asia are one of the factors complicating and hindering the positive development of relations between neighboring states. The location and resolution of state borders around the current enclaves depends on differences in the positions of the parties. The discrepancy between the positions of the parties in resolving disputes is associated with the history of the enclaves. Since the period of national-territorial delimitation in the 1920s, it was caused by weak efforts by the authorities to resolve issues related to land relations. Most border conflicts in Central Asia revolve around enclaves. Currently, such conflicts are accompanied by the involvement of military personnel and civilians at the border. At the same time, there is great loss and destruction. The article discusses the location of enclaves in Central Asia and gives author's recommendations for their solution.*

***Key words:*** *border, states, enclaves, Central Asia, regional problems, state borders, recent events.*

Кыргызстан – чыгыш жарым шардагы эң чоң материк Евразиянын борбордук бөлүгүнөн, аны чулгаган океандар менен деңиздерден алыс орун алган. Эгерде глобуска же Жарым шаарлардын картасына көз чаптырсак Кыргызстандын аймагы Евразиянын, Атлантика океанынан Тынч океанына чейин курчаган кеңдик боюнча созулган эбегейсиз зор тоо системаларынын түндүк жагындагы чет жакасын ээлейт. Кыргызстан ээлеген аймактан түндүктү карай бийик тоолор жапыздап, Казакстандын бөксө тоолоруна жана андан ары Батыш Сибирдин түздүгүнө өтөт. Түштүктү карай тоолордун бийиктиги улам артып, Памир, Гиндикуштун чыгышы, Кара-Крум, Тибет менен Гималайдын батышы аркылуу Индостан жарым аралынын түздүктөрүнө өтөт. Кеңдик боюнча Кыргызстан мээлүүн алкактын түштүк бөлүгүндө жайгашкан.

Кыргызстандын эң түндүк чеги Чүй дарыясынын сол жайылмасынын чегинде Камышановка кыштагынын түндүк жагындагы 43˚, 16˚ түндүк кеңдикте өтөт. Ал жерден Түндүк Муз океанына чейинки аралык 3380 км; түштүк чеги Чоң Алай тоо кыркасында, Дароот-Коргондун тушундагы Кызыл-Суунун сол куймасы Алтын-Дайра суусунун алабындагы мөңгүнүн башы. Ал жердин кеңдиги 39° 11´ жана ошол чекиттен Инд океанынын жээгине чейинки аралык 1670 км. Кыргызстандын эн батыш чеги Лейлек районунун аймагындагы Ак-Суунун алабынын батыш жагын чектеп турган Түркстан кырка тоосунун түндүктү карай багытталган айрыгынын кыры. Ал чек 69° 15´ чыгыш узундукта жатат жана Атлантика океанынан 6530 км аралыкта орун алган эң чыгыш чеги Эңгилчек мөңгүсүнүн төрүндө. Меридиан кырка тоосунда жайгашкан 6210 м бийиктиктеги чоку. Ал чокунун меридианы 80° 18', чыгыш узундугу жана ал жерден Тынч

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



океанынын жээгине чейин 3830 км. Кыргызстандын батыш чегинен чыгыш чегине чейинки аралык 925 км, ал эми түндүгүнөн түштүк чегине чейинки аралык – 459 км, чек арасынын узундугу 4508 км, жалпы аянты 199,9 миң км$^2$. Кыргызстан Орто Азиянын түндүк-чыгышында орун алган. Бирок «Орто Азия» деген түшүнүк географиялык адабияттарда ар башка түшүндүрүлүп жүрөт. Бирде мурдагы СССРдин составына кирген төрт республиканын (Кыргыз, Өзбек, Тажик жана Түркмөн) аймагын билдирсе, бирде Түштүк Казакстанды да камтып кетет. Түштүк жана чыгыш чектери болсо табигый чектери менен эмес, мамлекеттик чек ара менен өткөрүлүп келген. Азыркы кезде мындай чек аранын кажаты болбой калгандыгына байланыштуу Кыргызстандын алып турган ордун Борбордук Азияга карата аныктаса болот. Кыргызстан – Борбордук Азиянын түндүк-батыш жагын, Тянь-Шандын батыш бөлүгүн жана Памир-Алай тоо системасынын түндүк бөлүгүн ээлейт.

Казакстан менен Кыргызстандын аймагын ажыраткан табигый чек аралар чыгышта Меридиан кырка тоосундагы «Узловая» (6148 м) чокусунан башталып Талас Ала-Тоосунун Манас (4482 м) чокусуна чокусуна чейин созулуп жатат. Казакстан менен Кыргызстандын чек арасынын узундугу 1113 км. Ал эми Өзбекстандын аймагын ажыраткан табигый чек аралар Манас чокусунан чыгышты карай Фергана өрөөнүндө Өзбекстандын аймагын Кыргызстандын аймагынан эч кандай табигый чек бөлбөй, тоо этегинде түздүктөр боюнча эң эле татаал ийри-буйру сызыктар менен өрөөндү айланып Сох дарыясынын сол капталына чейин жетет. Андан тышкары Шаймардан жана Сох сууларынын боюнда бардык жагы Кыргызстандын жери менен курчалган, туюк чектүү Өзбекстанга тиешелүү жерлер бар. Өзбекстан менен Кыргызстандын чек ара сызыгынын узундугу 1374 км.

Тажикстан менен болгон чек ара да Фергана өрөөнүнүн түзөң жерлерин камтып, Сох өрөөнү менен Исфара өрөөнүнүн тоо этектеп келген жериндеги суу бөлгүчүнөн башталат. Андан ары Чоң-Алай кырка тоосунун кыры менен чыгышты карай Кытай Эл Республикасынын чегине чейин жетет. Тажикстан менен Кыргызстандын чек ара сызыгынын узундугу 972 км (анын 330 км азыркы күнгө чейин тактала элек). Эркечтам чокусунан Меридиан кырка тоосундагы «Узловая» чокусуна чейинки Кытай Эл Республикасы менен болгон чек сызыгы 1049 км.

Казакстан менен Кыргызстандын чек арасы чыгышта Меридиан кырка тоосундагы Кыргызстандын түштүк-батышында чектешкен Өзбекстандын Жангайл, Чоң-Гара, Шахимардан, Сох жана Тажикстандын Кайрагач, Ворух анклавтары орун алган.

Чыр коштолгон анклавтардын ирилери болуп Сох жана Ворух анклавтары. Сохтун жери 352 чарчы чакырым. Калкы – 74 миң. Жыштыгы – 210 киши. Фергана өрөөнүндөгү гана эмес, дүйнөдөгү айыл жерлериндеги эл эң эле тыгыз жайгашкан кыштак. Согуш башталганда, 1942-жылы, өзүнчө район болуп уюштурулган, бирок 1959-жылы кайра эле Фергана облусунун Риштан районуна карап калган. Өзбекстанга караган аймак болгону менен 99,2 пайызы тажиктер, 0,8 пайызы кыргыздар. Эгер калктын улуттук курамына караганда бул аймак Өзбекстанга каратылбашы керек эле.

Ворух – Тажикстан үчүн эксклав, Кыргызстан ичиндеги анклав. Согдий облусунун Исфара районуна карайт. Жери 130 чарчы чакырым, калкы 44 миң киши, бир чарчы чакырымга 350 киши туура келет. Улуттук курамы боюнча 99,99 пайызы тажиктер, калганы – кыргыздар. 1870-жылдан 1990-жылга дейре калк саны 20 эсеге өскөн, төрөлүү абдан көп аймак. СССР кезинде эле 1982-жылы жана 1989-жылы улут аралык жаңжалдар чыкканы катталган.

Кыргызстандын түшүк-батышында жайгашкан анклавтардагы орун алган чыр-чатактар өлкөнүн өнүгүүсүнө жана жергиликтүү тургундардын тынчын алып, бейпил жашоосуна кедергисин тийгизүүдө.

Жер шарындагы жайгашкан анклавтарга сарасеп салсак, азыркы маанидеги "анклав" термини 16-кылымдын башында дипломатиялык колдонууда колдонула баштаган. Ошол мезгилге чейин анклавдар феодалдык түзүлүштөгү көрүнүш катары орун алган, бул болсо аймактык менчиктин жамаачылык принцибин билдирет. Улуттук мамлекеттердин түзүлүшүнүн жүрүшүндө дээрлик бардык феодалдык анклавдар жоголуп кетти же ички мамлекеттерге айланды. Мисалга алсак айрымдары Сан-Марино сыяктуу, бүгүнкү күнгө чейин анклавдык мамлекет катары сакталып калган.

Анклавдардын пайда болушунун кийинки этабы колониялык империялардын түзүлүшү менен байланыштуу. Африка менен Азияда басып алынган жерлер убакыттын өтүшү менен метрополиялардын өзүнчө административдик бирдиктерине айланган. Колониялык системанын кыйрашы менен, алардын басымдуу көпчүлүгү айланадагы мамлекеттерге сиңип кеткен. Бул, айрыкча, Францияндагы жана Португалиялыктардын Индиядагы ээликтеринде болгон. Мисалы, популярдуу Гоа курорту 1961-жылга чейин Португалиянын эксклавы болгон.

Ошондой эле дүйнөдөгү эң татаал анклавдар Бангладеш менен Индияда жайгашкан. Бангладеште Индиянын Куч Бихар районунун 106 эксклавы, Индияда Бангладештин 92 эксклавы, анын ичинде 21

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



экинчи даражадагы анклавдар бар. Бангладештин эксклавдарынын жалпы аянты 49,7 км², Индиянын эксклавдарынын аянты 69,6 км² түздү. Эң ири Индия эксклавы Балапара-Хаграбари болгон, анын аянты 25,95 км², эң чоң Бангладеш - Дахаграм-Ангарпота, аянты 18,7 км² (Бангладештеги бардык эксклавдардын аймагынын 38% түзгөн); бул жалгыз калган анклав). Индиянын эң кичинекей эксклавынын – Панисалдын аянты 1093 м² болгон. Бангладештеги эң кичинекей эксклав, Упанчовка-Бхайни экинчи даражадагы анклавынын аянты 53 м² гана болгон. Дүйнөдөгү бул кичинекей анклав джут талаасы болгон. 2015-жылы 6-июнда Индия менен Бангладеш анклавдарды алмашууну камтыган жер чек арасы боюнча келишимге кол коюшкан. Бул келишимге ылайык, Индия Бангладешке Ассам, Батыш Бенгалия, Трипура жана Мегхалая штаттарындагы жалпы аянты 70 чарчы чакырымга жакын 111 анклавды өткөрүп берди. Бангладеш жалпы аянты болжол менен 28 чарчы чакырым болгон 51 анклавды Индияга өткөрүп берди. Бул аймактардын калкы 50 миңден ашуун адамды түзгөн. Аймактар алмашкандан кийин анклавдардын жашоочуларына жарандыкты тандоо сунушталды. Аймактар алмашкандан кийин, эксклав гана Тин Бинга коридору менен негизги аймакка туташкан Бангладештин Дахаграм-Ангарпота калууда.

**Биз дүйнө элдеринен тажрыйбасына таянсак болобу? деген суроо жаралат.**

Мындай көйгөйлөрдү чечүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасын карап чыксак. Алты чечим бар. Биринчиси, эки тараптын кызыкчылыгына жооп бере турган эрежелерди иштеп чыгуу боюнча келишимге жетишүү. Башкача айтканда, эки элди экономикалык жана гуманитардык мамилелер менен камсыз кылуу. Экинчиси, анклав таандык болгон өлкө үчүн коридор бөлүп берүү. Мындай учурда анклавга кирүү жана чыгуу башка өлкөгө чыгуу жана чыгуу катары каралат. Үчүнчүсү - анклавды алмашуу келишимине ылайык. "Бул жерлерди алгыла, анклавды бергиле, мен чек араларды бекитип берем ..." Төртүнчүдөн - анклавга көбүрөөк автономия берүү. Бешинчиси - узак мөөнөткө ижарага берүү үчүн анклавды берүү же алуу. Алтынчы - эң коопту чечим - бул анклавды күч менен басып алуу аракети.

Совет мезгилинде, айрыкча Иосиф Сталиндин тушунда чек аралар бөлүштүрүү жана башкаруу стратегиясынын бир бөлүгү катары Москва тарабынан эркин аныкталган. Ошол эле учурда, жергиликтүү бийлик Москва шаары аркылуу өзүлөрүнүн карамагына каалаган участокторун киргизүү үчүн каалагандай бөлүштүрүү жүргүзүп, кырдаалды дагы да татаалдаштырган.

Дүйнөлүк эксперттердин айтымында, тараптардын өз анклавдарынын көйгөйлөрүн чече албай жатышы жердеги чыңалууну сактап калбастан, Советтер Союзунан бери келе жаткан жолдорго альтернатива катары анклавдарды айланып өтүп, жаңы транспорттук каттамдарды курууга экономикалык чыгымдарды көбөйтөт деп ойлошот.

Улуу Британиядагы Жаңы Кастл Университетинин Борбор Азия боюнча эксперти Ник Мегоран түшүндүргөндөй, Өзбекстан жана Кыргызстан айрыкча чек арадан өтпөө үчүн инфраструктураны, автоунаа жана темир жолдорду өзгөртүүгө ири суммадагы каражаттарды жумшап жатышат.

Эгерде жаңы транзиттик келишимдер жана жолжоболор болгондо, бул жаңы инфраструктураны курууга кеткен чыгымдардан толугу менен кутулууга болот. Ал эми акча башка максаттарга жумшалышы мүмкүн, дейт Ник Мегоран.

Өлкөлөр анклав маселесин жөнгө салмайынча, эч нерсе өзгөрүшү мүмкүн эмес. Зордук-зомбулук башталса, кирип-чыккан унааларды таш бараңга алып, айдоочуларды сабап же барымтага алып, ал тургай чек арачыларды атып салышат. Ар бир жаңы тирешүү келечектеги зордук-зомбулуктун негизин түзөт жана көйгөйдү чечүүнү андан ары татаалдаштырат.

Акыркы окуялар чек ара калкы коопсуздуктан үмүт кыла албастыгын көрсөттү. Жарандар мынчалык кыйналбашы үчүн мамлекет кандай шарттарды түзүшү керек? Аларга курал берип, зым тартып салыш керекпи? Бул чечим туура эмес. Дүйнөлүк практикада алар курал-жарак беришкен эмес жана зым менен тосулган эмес. Коңшулук деңгээлде мамилелерди калыптандыруу үчүн шарт түзүшүбүз керек. Муну менен эки өлкөнүн бийликтери күрөшүшү керек. "Биз миңдеген жылдар бою коңшу болуп жашадык. Эки эл төрт бейбаштын айынан согушушу керекпи? Эки эл колуна курал алып окопторго жашынышы керекпи?" Маселе дүйнөлүк практикада мындай жол менен чечиле элек жана биздин өлкөдө дагы чечилбейт. Жаңы эрежелерди иштеп чыгып, кабыл алышыбыз керек. Ушул эрежелерди бузгандар жоопко тартылышы керек.

Соңку айларда Тажикстан менен Кыргызстандын мамилеси сууп турат. Президенттердин кол алышып, баарлашып убадалашканына карабай... Канааташ айылдарда чай ичишип, аш жешкенине карабай.... А түгүл адам өлүмү менен коштолгон жаңжалдар ар ай сайын жаңырчу болду.

Кезектеги чек ара чыры 2021-жылдын 28-29-30-апрелинде Кыргыз-Тажик чек арадасында орун алган. Каргашалуу окуядан Баткен районунун жана Лейлек районунун ондогон айылдары жабыр тартты. Үйлөр

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жана башка имараттар , өрттөндү 150 дөн ашуун киши жараат алып, 31 киши кайтыш болду. Жалпы жолунан кырсык болгон жайдан 20 миңден ашуун киши коркунучсуз жайларга эвакуацияланды. Кыргызстанда 2021-жылдын 1-2-май күндөрү жалпы улуттук аза күтүү күндөрү деп жарыяланды. Тиешелүү жарлыка президент Садыр Жапаров 1-май 2021-жылы кол койду. Учурда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Баткен облусуна өзгөчө макам берүү боюнча мыйзам даярдап жатышат. Бул мыйзамда көрсөтүлгөндөй Баткен облусуна өзгөчө макам берилсе, аймактын тургундарынын жашоо коопсуздугу толугугу менен корголот жанан жашоо деңгээлин көрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөр түзүлмөк. Ошону менен бирге Баткен облусунун аймагына, чек ара тилкелерине аскер шаарчаларын куруу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан демилге көтөрүлдү. Бул да Баткен эли үчүн дегеле бүтүндөй Кыргыз элинин коопсуздугу үчүн да маанилүү. Сырттан келчү коркунучтар да дал ушул чек арага байланыштуу.

**Бул көйгөй кандай жол менен чечилет?**

Албетте, чек ара маселесин чечүүнүн эң биринчи жолу – чек аралар толук такталышы керек. Башка жол жок. Эки өлкө үчүн тең артыкчылыктуу эки мамлекеттин кызыкчылыгына жооп бере турган эрежелерди иштеп чыгуу. Биринчиден, биздин президент демилгечи болуп, жергиликтүү тургундар менен биргеликте конкреттүү сунуштарды иштеп чыгып, коомчулукка жарыялап, ал чечим парламентте колдоо табышы зарыл. Ал чечимдер адистер тарабынан да дыккат иштелип чыгуусу керек, андай болбосо элдин нааразычылыгы жаралышы толук мүмкүн. Буга мисал катары 2021-жылдын 11-12-мартында Ташкент шаарында болуп өткөн Сох анклавына жана Кемпир-Абад суу сактагычына байланыштуу келишимдерге кол коюлган күндөн тартып, Өзгон районунун жашоочулары нааразычылык акциясын өткөрүштү. Ошол үчүн ар бир жасалган чечимдер жалпы элдин колдоосунан көз каранды. Тиешелүү бийлик өкүлдөрү жергиликтүү тургундар менен биргеликте коңшу мамлекеттин өкүлдөрү менен биргеликте мыйзам чегинде чек ара сызыктарын аныктап, мыйзамда көрсөтүлгөндөй чек ара сызыгынан бирдей аралыкта артка чегинүүсү зарыл. Айтсак Тажик бийлиги өзүнүн чек ара тилкесине жакын жашаган тургунуна башка жактан жер тилкесин ажыратып берүүсү керек. Кыргызстан тарап да ошондой кадамга барса болот. Бул иш аракетти сүйлөшүү жолу менен чечүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Эмне себептен чечилбей келет ушул күнгө чейин табышмак. Бийлик өкүлдөрүнүн айтымында чек арада эки өлкөнүн жарандары шахматтык таризде жайгашып калган дешүүдө. Кээ бир биздин атуулдар Тажикстандын аймагында, ошол эле убакта алардын атуулдары биздин аймакта жайгашып калган учурлар көп. Эки тарап үйлөрүн жана жер тилкесин көз карандысыз эксперттер аркылуу баалатып алмашуу жолу менен чечсе болот. Эмнегедир бул мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланбай жатабыз ушул күнгө чейин түшүнүксүз. Бул жерде чоң сыр жаткандай.. Алар аны отуз жыл бою жашырышты, ал толугу менен чирип кеткен. Бул көйгөйлүү маселени чечүүдө Коңшу Мамлекеттердин Россия менен Казакстандын кийлигишүүсү астында чечилсе да калыс каралат.

Ошон үчүн азыр конфликттерди чечүүнүн бирден бир жолу – өз ара түшүнүшүү, чек арага жакын аймактардын жалпы инфраструктурасын көтөрүү менен бирге сүйлөшүү жолу менен чечилүүсү зарыл.

**Адабияттар:**


1. Кадыркулов М.К. Кыргызстандын физикалык географиясы. Окуу китеби. - Бишкек, 2012
2. Кыргызстан географиясы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.
3. Кулматов Т.Н., География Кыргызстана. - Бишкек, 2011.
4. Оторбаев К.О., Бобушев Т.С. Экономическая и социальная география Кыргызской Республики. Учеб. - Бишкек., 2005.
5. Аламанов С., Уметалиева А. Трансграничные конфликты. Альманах «Опыт Кыргызской Республики в управлении кризисными ситуациями». Женева-Бишкек-Рига-София, 2014, 155-195-бб.
6. Аламанов С.К. Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. - Бишкек, 2005, 90-б.
7. Джунушалиев Д.Д. Время созидания и трагедий. 20-30 годы XX века. - Бишкек, 2003. – 40-45-бб.
8. Dzhunushaliev D.D. Vremyasozidaniya i tragedij. 20-30 gody КНКН veka. - Bishkek, 2003. - S. 40–45-б.
9. Мидинов Р. Государственная граница основной фактор в обеспечении национальной безопасности./Известия ВУЗов Кыргызстана. 2009. №. 7. С. 262-264.
10. Гульжигитов Ж.М. Вопросы связанные с границами между Кыргызстаном И Таджикистаном. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 11. С. 122-123.